# М.БАЙЖИЕВДИН «ИЛГЕРИ ӨТКӨН ЗАМАНДА» ПОВЕСТИНДЕГИ АДАМ ЖАНА ТАБИЯТ ТЕМАСЫ

**СЫДЫКОВ НАСЫР**
*Ж.Баласагын ат. КУУ, ф.и.к., доцент.*

Жаратылыш жандуу бир бөлүкчөсү болгон жаныбарлар да көркөм чыгармаларда көркөм образ катары ачылган учурлар кездешет. Маселен, М.Ауэзовдун «Көк серек» повестин алып көрсөк, анын карышкырлык жашоосу сүрөттөлүп гана тим болбостон, ошол айбандык сезими менен дүйнөгө кантип карайт. Анын табияты кандай, ага кандай мамиле жасоо керек? деген сыяктуу суроолорго автор так жооп берген.

Ал эми Ч.Айтматов болсо, өз чыгармаларында адам менен атты, адам менен төөнү катар коюп сүрөттөп, типтүү, кайталангыс образдарды жаратты. «Гүлсарат» повестиндеги Гүлсары жана «Кылым карытар бир күн» романындагы Каранар жандуу көркөм образ катары эки чыгарманын өзөгүн ээлейт. Түпкү башаты элдик чыгармачылыкта кездешкен бул образдарды автор жаңы ыкма, жаңы сүрөттөөлөр аркылуу көркөмдүк деңгээли жогору турган чыгармаларды жаратты.

Мындай чыгармалардын катарына Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, таланттуу прозаик, чебер драматург Мар Байжиевдин «Илгери өткөн заманда» повести кирет. Бул чыгарманын жаралышы, автордун фольклордук сюжетке кайрылышы тууралуу белгилүү адабиятчы, профессор А.Садыков мындайча белгилейт: «Чыгарма оңой менен жарала койгон жок, автор ага көп жылдык күч-аракетин сарп кылды. Алгач «Байыркы жомок» деген пьеса жазылды. Бул чыгарма жазуучунун өнөрканасына анык экзотикалык боекторду берип, жаңы бир жанрдык, стилистикалык мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Ю.Рытхэунун «Когда уходят киты», «Тэрыки» аттуу өзгөчө жанрдагы прозалары автордун өзү тарабынан «учурдун уламышы» («современная легенда») деген атка конгон. М.Байжиевдин «Илгери өткөн заманда» повестин да «учурдун уламышы» деп атоого болот.

Кыргыз адабиятында фольклордук сюжетке кайрылуунун чоң салты болгон. Аны 70-жылдарда кайра жандандырып, бийик деңгээлге жеткирген Ч.Айтматов эле. М.Байжиевди мына ошол айтматовдук агымдын илебинде дешке негиз бар, анткени, ошол этаптарда улуу жазуучу элдик миф, легендаларды бүгүнкү күндүн талабында кайрадан иштеп чыгып, кээ бир чыгармаларында аны тигил же бул каармандын мүнөзүн ачуу үчүн ыкма катарында колдонсо, айрымдарында (мисалы, «Ак кеме») аны концепция катары пайдалангандыгын көрүүгө болот. М.Байжиевде «Кожожаш» эпосу менен «Карагул ботом» легендасы бирдикте анын «Илгери өткөн заманда» повестинин жаралышына негиз түзгөн, башкача айтканда, концепция катары өткөн. Ал эми Ч.Айтматовдун «Гүлсаратында» ошол эле аталган элдик материалдар ыкма иретинде көрсөтүлөт. М.Байжиевде буларсыз чыгарма өзүнүн азыркы турушундагы максаттуулугуна жана бүтүндүгүнө жетише албак эмес. Демек, ал концептуалдык мааниде орун алган».[1]

Табиятка аяр мамиле кылбасаң, жазаланарың жөнүндө тээ байыркы элдик оозеки чыгармаларда эскерилип келген. Мунун ынанымдуу мисалы катары аңчылык доорундагы турмушту чагылдырган «Кожожаш» эпосунда эң сонун айтылган. Элдин мурдатан келе жаткан эрежелерин, мыйзамдарын, табиятка байланыштуу айтылган тыюу, эскертүү өңдүү акыл кептерин эске албай, жаратылыш макулуктарына ашыкча зыян келтирип, ач көздүгүнүн айынан, аскага камалып өлгөн мергенчинин образы аркылуу тарбия берүүчүлүктү жолго коюшкан да, жаратылышка аяр мамиле жасоо, аны ашыкча бүлгүнгө учуратпоо концепциясын иштеп чыгышкан.

«Кожожаш» эпосу сыяктуу эле аңчылык доордо өткөн ошондой трагедиялуу тагдыр сүрөттөлгөн «Карагул ботом» дастаны эликтин чаарчыгы деп, эликтин терисинен жасалган тон кийген өзүнүн жалгыз баласын атып алган армандуу мергенчинин күйүттүү

---

[1] Садыков А. Кыргыз залкарлары. IY том. –Б.: Бийиктик, 2008, 282-бет.

кошогун баяндайт. Бул да Кожожаш сыяктуу табият мыйзамына баш ийбегендиги үчүн кайберендин каргышына калган.

Эки эпостук чыгармадагы дал ушул трагедиялык кырдаал Мар Байжиевди «Илгери өткөн заманда» деген повестин жазууга чоң түрткү болгон. Эми чыгарманын сюжетине токтолуп көрөлү. Эки бийик тоонун ортосунда жыйырма чакты боз үй жайгашкан. Бул – мергендердин ак илбирс деген уруусунун конушу. Бул урууда Сайкал энеден улуу адам жок. Ал - көзү көрбөсө да, айткан сөзү орундуу, өзү жүздөн ашса да, эс-акылы жайында, мергендердин кеңеше турган акылманы ошол жердегилердин, бүт уруунун энеси. Ага чоңу да, кичинеси да акылдашат.

Ошол жерде жашаган Кожожаштын боз үйү башкалардыкынан айырмаланбайт. Болгону үйүнүн кире беришинде ак илбирстин башы кадалган. Бул – уруунун баатыры жашайт деген белги. Шыңга бойлуу, келбети келишкен Кожожаш сулуу, акылман аялы Зулайка менен жашайт. Алардын Карагул деген уулу бар, ал – он жашта.

Ал эми Кожожаштын атасы Карыпбай балбан мергендердин уруусунун жарым кылым башкарып келген адам болгон. Бир жолу Карыпбай батыр ууга чыгып, жаа тартканда оң колу титирейт, аткан огу кийикти бир аз гана жаралайт. Ошондо карылыгы жетип, колунун каруусу, көзүнүн курчу кеткенин түшүнгөн Карыпбай айылга келип, аксакалдарды чакырып, мындан ары уруу башчысы боло албагандыгын айтат. Ошондо жалпы эл жана мергендер Кожожашты уруунун башчылыгына көтөрүшөт. Ошол мезгилден тартып, мергендер өзүлөрүнүн турмуш тагдырын Кожожашка тапшырышат. Уруунун баардык окат-тиричилик маселелерин Кожожаш бүтүрөт, ал эми өлүм менен өмүргө байланышкан иштерди Сайкал эне баштаган аксакалдар кеңешип чечишет. Бир жылдары улуу тоодо бороон улуп, кар уруп, суук күчөйт. Агып жаткан суу тоңот. Кичинекей көлдүн үстүн муз каптайт. М.Байжиев жаратылыштын катал мезгилин сүрөттөө менен адамдын мүнөзүн ачууну көздөйт. Катаал мезгилде адамдын жан-дүйнөсү, анын ким экендиги көрүнөт. Анда эмесе, ошол көрүнүштү чогуу окуйлу:

«Улуу тоодо бороон улуп, тастайган аскалар кара ызгаардан чачырайт. Асман тиреген мөңгүлөрдөн кар тозоңу чаңызгып, кокту көздөй көчкүлөр күркүрөйт. Бир кезде жайылып, шашпай аккан өзөн эми көпкөк муз болуп былтыйып тоңуп жатат, алыскы зоокалардан боюн таштаган шаркыратмалар сенейип жалтырайт. Төмөнкү коктудагы чарадай чакан көл түбүнө дейре тоңгон. Ар кайсы жерден канаттуулардын өлүктөрү борошого басылып жатат. Ырбыйган ач карышкырлар үшүп өлгөн кайберендердин эттерине тиштери өтпөй жулмалап ырылдашат».[1]

М.Байжиевдин «Илгерки өткөн заманда» повести дал ушундай пейзаждык сүрөттөө менен башталат. Бул – кыргыз элинин илгерки турмушунун бир көрүнүшү. Ушул көрүнүш аркылуу Кожожаш жашаган доорду, андагы жашоонун кыйынчылыгын, адамдар мергенчилик аркылуу күн көргөндүгүн чагылдырган. Ушул көрүнүшкө удаа орто жашап калган Касендин боз үйүндөгү кырдаалды сүрөттөйт. Анын үйүндө от жагылганы менен кара казанда шылдыраган суудан башка эч нерсе жок. Ачкачылыктан шишип, тогуз жашар кызы Касенди кучактап жатат. «Эртең күн ачылса, бизге тамак табылар, кызым» деп кызынын башынан сылап соороткот.

Ал эми Кожожаштын үйүндө бармактын башындай этти Зулайка кайнатып, үй-бүлөсү, кайната-кайненеси менен ичип отурган. Ошол маалда алардын үйүнө Сайкал эненин акылы кем алтымыштагы баласы Саяк кирип келет. Зулайка өзү жеген кичинекей эттин жарымын жана шорпо берсе, ал аны эшикти көздөй алып жөнөйт. Ал өзү ичпей, ыйлап жаткан кичинекей балага алып баргысы келет. Саяк үйгө жетерде, сыйгаланып кетип, сорпосу карга төгүлүп калат. Саяк ызалангандан ыйлап жиберет.

Касендин эшигинин алдында жаткан сары дөбөт, өзөн жакты карап улуп коет. Саяк башын көтөрүп, ошол жакты карады. Ошондо анын ыйы токтоп, күлүп жиберет. Өзөндүн аркы жээгинде жалгыз эчки туруптур. Саяк сүйүнгөнүнөн, кайра Кожожаштын үйүнө

---

[1] Байжиев М. Аңгемелер жана повесттер. –Б.: 2006, 210-бет. (Мындан ары үзүндүлөр ушул китептен алынат, бети гана көрсөтүлөт).

барып, жалгыз эчки тургандыгын кабарлайт. Кожожаш араң эле турса керек, жаасын камданып үйүнөн чыгат. Аны байкап калган эчки зооканы көздөй бет алат. Калган мергендер да чыгышып, орто жолдо калышты. Зооканы көздөй жөнөгөн эчкини жалгыз Кожожаш ээрчиди. Мерген жаасын бир нече ирет тартты, бирок капталдан соккон катуу шамал анын жебесин тетири кетирди. Кожожаш менен эчкинин аралыгы жакындай берди. Аскага жакын калганда Кожожаш жебесин тартканда, эчки тумшугу менен кар сүздү.

Төмөн жакта алардын артынан келатышкан Касен менен мерген жигиттер кубанганынан кыйкырып жиберишти. Арсылдаган иттер Кожожашты кууп өтүп, эчкиини кызыл аскага камашты. Айласы кеткен эчки, иттерден коркуп, адамдан жардам сурагандай жалдырады. Кожожаш кынынан шамшарын сууруп, төрт аяктап, карды кечип жогору жөнөдү.

Ошондо адам менен айбандын көздөрү бири-бирине тигиле караштьі. Жарадар болгон эчки Кожожашка көкүрөгүнө жебе сайылган боюнда бар аялдай көрүндү. Эчкинин абалы оор эле. Кожожаш эптеп эчкиге жетип, иттерди кубалап, эчкинин далысындагы кадалган жебени сууруп алып, желининен алаканын тоссо, уучу толо сүт болду. Касен менен мергендер колго түшкөн олжону коө бергендиги үчүн Кожожашты жаман көздөрү менен караштьі. Кожожаш аларга алаканындагы аппак сүттү көрсөттү.

«Көкө теңирге күнөөкөр болбойлу, Касен аба! Балким, жараткан биздин насибибизди сынап, Сур эчкини өзү жибергендир. Сабыр кылалы» деп, мергендерге эчкини атпаганынын себебин туура түшүндүрөт. Ал эми сур эчки – алардын Кайберен энеси, бардык жапайы айбанаттардын энеси, улуу тоонун, жер-суунун ээси. Ошондуктан, ал – ыйык жаныбар. Анын канын төгүп, каарына калган адам көкө теңирдин каргышына калат, укум-тукуму менен жер жүзүнөн жок болот деген сөз адамдардын аң-сезимине сиңип калган. Андыктан ал жаныбарга этиет мамиле жасоо – ошол аңчылык доорундагы адамдар үчүн мыйзамдуу көрүнүш. Сур эчки менен Кожожаштын алгачкы кездешүүсү – ага боорукерликти, аягандыкты алып келсе, ал экөөнүн акыркы кездешүүсүндө Кожожашта мындай сезим таптакыр жоголуп, карасанатайлыгы күчөп, жаныбарларга ашыкча зыян келтирет.

Чыгарманын аягында мергендер Сайкал эненин таш үйүнө жыйналышты. «Мундузбай күч жыйнап, куралданып, бизге кол салганы жатат. Бай менен тирешебиз десек, ар бирибизде мылтык болсун, ал үчүн биз аң терини, бугу мүйүзүн мол даярдашыбыз керек», - деди Кожожаш. Ушундан баштап, тынч жаткан ак илбирс айылына бүлүк түштү.

«Жайдын орто ченинде жер бетиндеги тирүү жандарды, өнүп-өскөн чөп-чарды жакыныраак көрөйүн дегенсип, алоолуу күн так төбөгө келип, балбылдаган көзүн чакчайтып туруп алды… Улуу тоого мындай ысык түшкөнүн жүз жыл жашаган Сайкал-эне да көргөн эмес. Кырдагы чөп саргайып күйүп кетти. Өзөн, булактар соолуп, түбүндө тизеге жетпес көлчүк калды. Токумдай булут, «шырп» эткен жел жок. Үп. Ысык. Тым-тырс» (252-бет).

Бул – пейзаждык сүрөттөө. Мындан күндүн катуу тийгени, айрыкча тоодо мынчалык ысык болушу - чанда бир кездешүүчү көрүнүш. Жүзгө чыккан Сайкал-эне өзү жашаган өмүрүндө мындай ысыкты көргөн эмес. Демек, бул – алаамат болуучу көрүнүштүн алдын алган белгиси. Ушул көрүнүштөн кийин адам менен жаратылыштын ортосунда чоң кармаш, чоң алаамат, чоң трагедия жаткандыгын жазуучу көркөм сүрөттөөгө алган.

Күн куйкалаган ысыкта, ээн талаада мергендер сайгактарды биринин артынан бирин өлтүрүп жатышты. Мергендер сайгактын ысыктан чирий баштаган эттерин, өлгөн аттарды кумга көөмп, кагыраган талаага менен үйүнө көп кыйынчылыктар менен келишти.

Күн бардык тирүү жандыкты куйкалап, Улуу тоонун чокусундагы карды эритмейин, кургакчылык бүтпөчүдөй. Кожожаштын баласы Карагулдун топоз мамалагына мергендер келишип, «тирүү жандыкты курмандыкка чалып, жер-суунун ээси Сур эчкиге баабедин берип, кечирим сурабасак, жаан-чачын жаабайт» деп, мамалакты союшат. Ошондо жүз жашар Сайкал эне: «О, касиеттүү кайберен! Менин, балдарыма каарыңды төкпө, ар

балаадан сакта! Казаныбызды какшытпай, суу бер. Жерди жарып, көк чыгар, желинди айрып, сүт чыгар!» (259-бет), - деп бата берет.

Мамалактын кызыл каны кагыраган кара жерге жайыла бергенде, улуу тоонун чокусунан түнөргөн кара булут көрүнүп, ылдый жыла баштады. Жерге акырындап, тамчы таамп, жаан күчөдү. Күн күркүрөдү. Чагылган «жарк» этти. Ошентип, табият кайрадан жанданды.

Эртеси, таңында айылдын балдары, анын ичинде Карагул да куушуп көлдү көздөй чуркашты. Алар көлгө жеткенде селейип туруп калышты. Соолуп калган көлгө суу толуп калыптыр. Ар тараптан бирден-экиден улактарын ээрчитип тоо эчкилер, бугулар, эликтер көлдүн суусунан дембе-дем жутушат. Эчкинин терисинен тигилген тонун аңтарасынан кийип, бору менен төмөн түштү. Кайберендер адам балдарынан чочушпады. Карагул сууну канганча ичип, улактар менен сүзүшүп ойноду. Бир кезде мергендер чогулушуп, кайберендерди атууну көздөштү. Ошол учурда үйүр эчки-текелер тоо ылдый көлгө түшүп келатыптыр. Кожожаш кайберендерди көргөндө, ышкысы ташкындаган көздөрү жайнай түштү.

Ошондо Сайкал-эненин «атпагыла» деген сөзүнө карабай, Кожожаш менен мергендер кайберендерди ата баштады. Бир заматта көлдүн тегерегиндеги мал-жан бүт кырылды. Бийик зоокага кысылып, Алабаш теке менен Сур эчки гана калды. Кырылган кайберендердин арасында Кожожаштын жалгыз уулу Карагул жансыз жатты. Муну көргөн мергендер үрпөйүшүп, Кожожаштан оолактап, биринин артынан бири кете башташты. Көлдүн жээгинде өлгөн кийиктердин арасында өлгөн баласын кучактап, Кожожаш жалгыз калды.

Ушул жерде М.Байжиев жүрөк титиреткен кырдаалды сүрөттөйт. Кожожаш башын көтөрдү. Көзүнө аялы көрүндү. Ал тонун аңтара кийген баланы жетелеп кете берди. Кээде Айке жараланган Сур эчки болуп көрүнсө, бир туруп кайра ал Айке болот.

Сур эчки өлгөн улактарын чакырып, ашуусу бийик тоо ашты, кумдуу чөлдөн өтүп, баткактуу саз кечти. Анын көлөкөсүндөй болуп, Кожожаш артынан калбады. Кийими тытылды, сакал-мурути өстү, бети-башы туурулду. Акыры, Сур эчки мергенди ээрчитип, аскалуу зоого чыкты. Сур эчки жардын кырына жетип, боюн ылдый таштады. Ал эми Кожожаш аскага илинип калды.

Повесттин аягында жазуучу «Карагул ботом» деген арман кошокту Сайкал-энеге айттырат:

«.. Эчки тон кайдан кийгиздим, ботом,
Элик деп атып тийгиздим, ботом.
Канатым сыздап кайрылды, ботом.
Жалгызыман айрылдым, ботом.
Өз колуман мерт болуп, ботом,
«Жарк» эткен шамым «жалп» этти, ботом.
Чырактай жайган, Карагул ботом,
Чыркырап калдым артыңда, ботом.
Карагул ай, ботом! Ой, жалгызым ай, ботом!..» (264-бет).

М.Байжиевдин «Илгери өткөн заманда» повестинде «Кожожаш» эпосу менен «Карагул ботом» дастаны органикалык түрдө бири-бирине сиңишип кеткен бир трагедияны экинчи трагедия коштоп, бир бүтүн организм катары жашоосун улантат. Бул трагедиянын артында чоң идея сыйдырылган. Азыркы заманда адам жаратылышка аяр мамиле жасап, жер-сууну коргобосо, жан-жаныбарды сактабаса, кыянат-кайымга учурап калышыбыз мүмкүн деген идея жаңырып турат. Демек, жазуучунун булл чыгармасы адам жана жаратылыш проблемасына кошкон чоң салым болуп эсептелет.